Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# СҮРӨТ ӨНӨРҮ 3

Жалпы орто билим берүүчү мектептердин
3-классы үчүн окуу китеби

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги тарабынан басууга сунушталган*

Жаңы басылышы



Ташкент – 2022

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

УУК 75(075.3)
КБК 85.1я72
С 87

*Түзүүчүлөр:*
**Рустам Худайберганов, Татьяна Ли, Барно Юнусова, Сарвар Фарманов, Орзу Ташмухаммедова**

*Жооптуу редактор:*
**Аскаралы Сулайманов**

*Рецензенттер:*

**Зиядулла Бабамурадов** – Ташкент архитектура-курулуш институтунун сүрөт өнөрү кафедрасынын башчысы, доцент.

**Дилназа Туланова** – Низамий атындагы Ташкент мамлекеттик педагогикалык университеттин сүрөт өнөрү кафедрасынын доценти милдетин аткаруучу.

**Акрам Вапаев** – Ташкент облусунун Кыбрай районундагы 14-жалпы орто билим берүүчү мектептин сүрөт өнөрү предметинин мугалими.

**Дилназа Мирхакимова** – Ташкент шаарынын Юнусабад районундагы 260-жалпы орто билим берүүчү мектептин сүрөт өнөрү предметинин мугалими.

## Шарттуу белгилер:

– тапшырма

– сабактын аягы

– суроолор

– үйгө тапшырма

*Республикалык максаттуу китеп фонду каражаттары эсебинен басылды.*

*Оригинал макет жана дизайн консепциясы Республикалык билим берүү борбору тарабынан иштелди*

ISBN 978-9943-7813-3-7
© Республикалык билим берүү борбору, 2022

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МАЗМУНУ

Киришүү....4

## 1-бөлүм. ГРАФИКА

**1-тема.** Графикада натюрморт жана пейзаж жанрлары. Формат....8
**2-тема.** Жол сымал оймо тартуу...10
**3-тема.** Нур-көлөкө. Желбиреген тасманын сүрөтүн тартуу....12
**4-тема.** 2-3 түрдүү мөмөдөн турган натюрморт тартуу....14
**5-тема.** «Көзө жана сарымсак» темасында натюрморт тартуу....16
**6-тема.** «Дандыр нан» темасында натюрморт тартуу....18
**7-тема.** Кара фондо ак түстө натюрморт тартуу....20
**8-тема. 1-текшерүү иш.** Пияздын сүрөтүн тартуу....22
**9-тема.** Түстүү фондо кара түстө пейзаж тартуу....23

## 2-бөлүм. АЙКЕЛЧИЛИК

**10-тема.** Айкелчиликтин түрлөрү 26
**11-тема.** Карапачынын устаканасына саякат....28
**12-тема.** Улуттук оюнчуктардын айкелдерин жасоо....30
**13-тема.** Дасторкондогу дүйүм-тамактар....32
**14-тема.** «Ур, токмок!» жомогунун негизинде айкел жасоо....34
**15-тема. 2-текшерүү иш.** «Жомок каармандары жаңы жыл арчасынын тегерегинде» темасында айкел жасоо....36
**16-тема.** «Түндүк уюл аюусу» темасында айкел жасоо....38

## 3-бөлүм. ЖИВОПИСЬ

**17-тема.** Күн желеси. Негизги жана туунду түстөр. Түстөрдүн аралашмасы....42
**18-тема.** Ахроматикалык түстөр. Коёндун сүрөтүн тартуу....44
**19-тема.** Хроматикалык түстөр. Балыктын сүрөтүн тартуу....46
**20-тема.** Муздак түстөр. Ак куунун сүрөтүн тартуу....48
**21-тема.** Жылуу түстөр. Жолборстун күчүгүнүн сүрөтүн тартуу....50
**22-тема.** Бактектин сүрөтүн тартуу....52
**23-тема.** Декоративдүү куш. Тоостун сүрөтүн тартуу....54
**24-тема. 3-текшерүү иш.** «Табият дүйнөсү» темасында сүрөт тартуу....56
**25-тема.** Табияттагы дарактардын жыл мезгилдерине карап өзгөрүүсүн сүрөттөө....58
**26-тема.** Түс жана маанай. «Нооруз майрамы» темасында сүрөт тартуу....60

## 4-бөлүм. КОМПОЗИЦИЯ


**27-тема.** «Тоодо жаз» темасында мейкиндиктүү композиция жасоо....64
**28-тема.** «Космоско саякат» темасында коллаж усулунда композиция жасоо....66
**29-тема.** Статика жана динамика....68
**30-тема.** Ачык жана жабык түрдөгү композиция жасоо....70
**31-тема.** Композициядагы ритм....72
**32-тема. 4-текшерүү иш.** «Зоопарк» темасында композиция жасоо....74
**33-тема.** «Табиятты асыра» темасында плакат композициясын тартуу....75
**34-тема.** «Табиятты асыра» темасындагы плакат композициясынын шрифтин тартуу....77

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КИРИШҮҮ

Ардактуу окуучу! Сен 2-класста «Сүрөт өнөрү» китеби аркылуу «Графика», «Айкелчилик», «Живопись» жана «Композиция» темалары боюнча башталгыч маалыматтарды үйрөндүң. Графикалык сүрөттөрдү тартуу, ылай жана пластилинден көлөмдүү бөртмө жана тоголок айкелдер жасоо, тартылган сүрөттөргө түс берүү, теманын негизинде композиция түзүү боюнча практикалык көндүмдөрдү ээледиң. 3-класста да бөлүмдөр удаалаштыгында кызыктуу темаларды үйрөнүү менен бирге сүрөт тартуу жана айкел жасоо, чыгармачыл композициялар түзүү боюнча жаңы көндүмдөрдү пайда кыласың.




*Анвар Мамажанов.*
*М. Худайкуловдун «Чакан тамсилдер» жыйнагына иллюстрация.*



*Леким Ибрагимов.*
*«Өтмүш жаңырыгы» түркүмүнөн «Ысык нан» иллюстрациясы.*



*Александр Ли. «Жай» линогравюрасы.*



*Галина Ли. «Куш келиңиз» автолитографиясы.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 1-бөлүм
# ГРАФИКА

**Графика** грекче сөздөн алынган болуп, «сызамын», «жазамын» деген маанилерди билдирет. Графикада сүрөт калем, көмүр, түстүү калемдер, шариктүү ручкалар, тушь, фломастер, бор жана ушул сыяктуулар менен сызылат.

**Графика** – сүрөт өнөрүнүн түрү. Графикада сүрөт негизинен ак-кара, ошондой эле, түстүү иштелет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Патхулла Хаитов (1947-жылда төрөлгөн)

*«Бүткүл жашоомдо мага жалаң гана жакшы адамдар жолукту, алардын жана жакындарымдын мээримин туюп жашап жатам. Муну сүрөттөрүмдө да чагылдырырууну жана алардан жылуулуктун сезилип туруусун каалаймын».*

Патхулла Хаитов 1947-жылы Ташкент шаарында төрөлгөн. Камалиддин Бекзат атындагы Улуттук сүрөтчүлүк жана дизайн институтун (мурдагы А. Н. Островский атындагы Театр жана сүрөтчүлүк институту) аяктап, бул окуу жайда мугалим жана литография устаканасында окуу устасы катары эмгек ишмердүүлүгүн баштаган. Азыр Патхулла Хаитовдун көп сандуу чыгармалары Өзбекстан Улуттук банкы, «Туранбанк» банкы, Өзбекстан мамлекеттик исскуство музейи, Өзбекстан Көркөм академиясынын көргөзмөлөр дирекциясы, Кокон мамлекеттик искусство музейи, Германия, Франция, Монголия, Индия, Литва, Россия сыяктуу мамлекеттердин музейлери жана менчик коллекцияларда сакталууда. «Мекенге болгон сүйүү» түркүмүнөн «Күүгүм», «Базардын ажары», «Балалык» түркүмүнөн «Дача», «Таң», «Эки чынар», «Пейзаж. Акташ», «Бул өмүр» сыяктуу чыгармаларында журтубуздун өзүнө мүнөздүү табияты, пейзаждары күүгө салынган.



*«Балалык» түркүмүнөн: «Таштардын багы».*



*«Балалык» түркүмүнөн: «Ачык асман астында».*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*«Агам армиядан кайтты».*



*«Эски шаар» түркүмүнөн: «Дандырчылар».*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 1-тема ГРАФИКАДА НАТЮРМОРТ ЖАНА ПЕЙЗАЖ ЖАНРЛАРЫ. ФОРМАТ.

**Натюрморт** французча сөз болуп, жансыз табият деген маанини билдирет. Бул жанрда буюмдар, мөмө жана жашылчалар, гүлдөр, гипстен даярдалган түрдүү предметтер өзүнө карап сүрөттөлөт. Натюрморт тартуунун өз эрежелери бар жана бул эрежелерди сактоо зарыл.

**Пейзаж жанрында** тоолор, токойлор, талаалар, дайра, көл, дарыялар, көчө жана үйлөр сүрөттөлөт.

Сүрөтчүлөр бул жанр аркылуу табиятка, Мекенге болгон сүйүүсүн чагылдырышат. Табият пейзаждарын сүрөттөө байыркы Кытай сүрөтчүлүк өнөрүндө пайда болгон. Пейзаж жанрында да өзүнө мүнөздүү эрежелерге таянган түрдө тартуу талап кылынат.

**Формат** – тартылуучу сүрөттүн аянтынын чек арасы. Эң кеңири тараган сүрөт форматтары төрт бурчтуктар (вертикаль, горизонталь), квадраттар болуп саналат. Вертикаль төрт бурчтук форматында иштелген сүрөттөр жогоруга умтулуп, улуулук, бийиктик сезимин берет. Горизонталь формат болсо татаал, көп өлчөмдүү композициялар үчүн ыңгайлуу. Тынч абалды туюнтуучу композициялар негизинен квадрат форматында тартылат.



*Орзу Ташмухамедова. «Натюрморт».*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Хайдарова Нодирабегим.*
*«Миниатюра».*



*Согдиана Юсупова. «Нооруз».*



*Жамшид Нишанов.*
*«Пейзаж».*



*Жамшид Нишанов.*
*«Декоративдүү натюрморт».*

Иш дептерине натюрморт же пейзаж жанрында калааган форматта сүрөт тарт.

1. Натюрморт сөзү кандай маанини билдирет?
2. Пейзаж жанрынын өзүнө мүнөздүүлүгү эмнеде?
3. Табият пейзажын тартуу каерде пайда болгон?
4. Формат деген эмне?

Каалаган форматта пейзаж же натюрморт тарт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# 2-тема ЖОЛ СЫМАЛ ОЙМО ТАРТУУ

Жол сымал оймо бир нече бөлүктөрдөн түзүлөт. Булар гүл, жалбырак, жаш көчөт, мөмөнүн элементтери жана жолдун ичиндеги схема жардамчы сызыктарынан турат. Жол сымал оймо тартууда ак кагазга жол сызылгандан кийин, ал жардамчы сызыктар менен тең бөлүктөргө бөлүнөт.


Схеманын жардамчы сызыктарына элементтер ритмдин негизинде жайгаштырылат. Жол ичинде элементтердин кайра сызылышы жол сымал оймону пайда кылат. Жол сымал оймо жасалгаларын үйүбүздөгү буюмдарда, кийимдерде, архитектуралык эстеликтердин дубалдарында, колдонмо исскуство музейлеринде көрүшүбүз мүмкүн.

## Жол сымал оймо тартуунун баскычтары

1 2




3 4






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE







Иш дептерине жол сымал оймо тарт.

1. Жол сымал оймо кандай бөлүктөрдөн түзүлөт?
2. Жол сымал оймо жасалгаларын каерлерде көрүшүбүз мүмкүн?

Жол сымал оймону түстүү калемдерден пайдаланып боё.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 3-тема

# НУР-КӨЛӨКӨ. ЖЕЛБИРЕГЕН ТАСМАНЫН СҮРӨТҮН ТАРТУУ

**Нур-көлөкө** – бизди курчап турган бардык нерселерде бар. Биз нур жана көлөкөнүн жардамында айлана-чөйрөбүздөгү бардык нерселерди көлөмдүү түрдө көрөбүз. Нерселердеги нур жана көлөкө белгилүү бир эрежелердин негизинде жайгашат:

- Блик – нерседеги эң жалтыраган бөлүк (күн нуру түшкөн жер).
- Жарык – нерсеге жарык түшкөн бөлүк.
- Жарым көлөкө – нур жана көлөкөнүн аралыгындагы бөлүк.
- Көлөкө – нерсенин жарык түшпөгөн бөлүгү.
- Рефлекс – нерсенин көлөкө бөлүгүнө түшкөн жарыктын чагылышы.
- Түшүүчү көлөкө – нерсенин жерге же столго түшкөн көлөкөсү.












*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Желбиреген тасманы графикалык усулда сүрөттөөнүн баскычтары


1




2



3





Желбиреген тасманы графикалык усулда иш дептерине тарт.

1. «Блик» терминининин мааниси кандай?
2. Көлөкө нерсенин кандай бөлүгү?
3. «Жарым көлөкө» терминининин мааниси кандай?

Желбиреген тасманын сүрөтүн графикалык усулда аяктап кел.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 4-тема

# 2–3 ТҮРДҮҮ МӨМӨДӨН ТҮЗҮЛГӨН НАТЮРМОРТ ТАРТУУ

Бизди өз даамы жана көрүнүшү менен кубантуучу күз мөмөлөрүнөн бири анар болуп саналат.

Анар мөмөлөрдүн падышасы катары мүнөздөлөт.

Анардын бутагынын бою 6 метрге чейин болот. Ал май-июлда гүлдөйт. Мөмөсү даамы жана көрүнүшүнө карап түрдүү сортторго бөлүнөт. Анар бакыт жана молчулуктун символу болуп эсептелет.

Курма дарагынын бою орточо 2-3 метрге чейин жетет. Курма дарагы Өзбекстандын түштүк бөлүгүндө апрелдин аягы – майдын башында гүлдөйт. Мөмөлөрү октябрда бышып жетилет. Бышкан мөмөлөрү саргыш түстө болот, бышып жетилгендери болсо күрөң-каралжын түстө болот.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Анар жана курма натюрмортун тартуунун баскычтары


1




2



3



4



Анар жана курма натюрмортун иш дептерине тарт.

1. Анардын бутагынын бою канча метрге чейин болот?
2. Анар мөмөсү кандай мүнөздөлөт?
3. Курманын мөмөсүнүн көрүнүшү кандай?

Анар жана курманын натюрмортун түстүү калемдерден пайдаланып боё.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 5-тема

# «КӨЗӨ ЖАНА САРЫМСАК» ТЕМАСЫНДА НАТЮРМОРТ ТАРТУУ

«Конструкция» термини сызылып жаткан фигуранын айрым бөлүктөрүн бөлүктөргө бөлүп, курулмасын пайда кылууну билдирет.

«Көзө жана сарымсак» темасындагы натюрмортто баштап көзө жана сарымсактын симметрия жана жардамчы сызыктары, жалпы формасы сызылат. Көзө жана сарымсактын мейкиндикте жайгашуусун көрсөтүү максатында конструктивдүү курулмасы сызып алынат. Натюрморттогу фигуралардын курулмасынын так катыштары жана нерселердин сүрөтү окшогондон соң, графикалык усулда жарык жана көлөкөнүн түстөрү тартылып, натюрморттун сүрөтү пайда кылынат.










*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «Көзө жана сарымсак» темасында натюрморт тартуунун баскычтары

1


2


3


4


«Көзө жана сарымсак» темасындагы натюрмортту иш дептерине тарт.

1. Көзө жана сарымсактын мейкиндикте жайгашуусун көрсөтүү максатында эмне сызып алынат?
2. «Конструкция» термини тартылып жаткан фигуранын эмнесин пайда кылууну билдирет?

«Көзө жана сарымсак» натюрмортун графикалык усулда аякта.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


## 6-тема


# «ДАНДЫР НАН» ТЕМАСЫНДА НАТЮРМОРТ ТАРТУУ

«Дандыр нан» темасындагы натюрмортту графикалык усулда тартууда алгач натюрмортту күзөтүү керек болот. Мында кагазды кандай коюу керектиги аныктап алынат. Эгерде нандын эни туурасынан чоң болсо, кагазды жамбаштатып, эгерде туурасы энинен чоң болсо, кагаз тик абалда коюлат. Натюрмортту нур каптал жагынан түшө тургандай жайгаштыруу керек. Ар бир фигура кагаздын бетине жеңил жардамчы сызыктар менен сызып жайгаштырылат.

Натюрмортту баскычма-баскыч сызып, оригиналына окшоткондон кийин графикалык усулда штрихтеп жарык жана көлөкө бөлүктөрү тартылат.












*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «Дандыр нан» натюрмортун тартуунун баскычтары

1

2

3

4


«Дандыр нан» темасындагы натюрмортту иш дептерине тарт.

1. Натюрмортту графикалык усулда тартуудан мурда эмне кылуу керек?
2. Эгерде нандын эни туурасынан чоң болсо, кагаз кандай коюлат?
3. Натюрморт оригиналына окшогондон кийин кандай иш аткарылат?

«Дандыр нан» натюрмортун графикалык усулда аякта.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

7-тема

# КАРА ФОНДО АК ТҮСТӨ НАТЮРМОРТ ТАРТУУ

Кара фондо ак түстө натюрморт тартуу графикада натюрморт тартуунун кызыктуу усулдарынан бири болуп саналат. Кээде айкыныраак көркөмдүк үчүн графикада контраст, башкача айтканда ак жана кара түстөр колдонулат. Кара же кочкул боз фондо ак бор, ак түстүү калем же гуашь менен сүрөт тартылат. Ишти жарык түшкөн бөлүктөрдөн башташың керек болот. Көлөкө бөлүктөрү болсо фон менен биригет жана ошондо сүрөт контрасттуу, айкын, көркөм болуп чыгат.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Кара фондо ак түстө натюрморт тартуунун баскычтары

1


2


3


4


«Кара фондо ак түстө натюрморт тартуу» темасындагы сүрөттү иш дептерине тарт.

1. Графикада натюрморт тартуунун кызыктуу усулдарынан бири эмне?
2. Натюрморт тартуунун баскычтарын санап бер.

Натюрмортту графикалык усулда аякта.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

8-тема

# 1-ТЕКШЕРҮҮ ИШ. ПИЯЗДЫН СҮРӨТҮН ТАРТУУ

Тоголок формадагы пияздын сүрөтүн тартуу.

Текшерүү ишинде пияз натюрморту графикалык усулдардын биринде аткарылат. Пияздын формасын кунт коюп күзөтүп, кагазды тик же жамбаш абалда коюу белгилеп алынат. Натюрмортту тартуунун баскычтарынын негизинде сүрөт кагаздын бетине жардамчы сызыктардан пайдаланып жайгаштырып алынат. Натюрморт кара фломастер, тушь, түстүү калемдер менен графикалык усулда жарык-көлөкө мыйзамынын негизинде тартылат.




Жарык-көлөкө мыйзамынын негизинде пияздын сүрөтүн иш дептерине тарт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


9-тема

# ТҮСТҮҮ ФОНДО КАРА ТҮСТӨ ПЕЙЗАЖ ТАРТУУ

Пейзажды баскычма-баскыч тартууда перспектива эрежелерине көңүл бурулат.

Пейзажды тартууда сүрөтчү алгач табияттан эргүү алып, илхам берүүчү көрүнүштү тандайт. Пейзаждын көрүнүшүн графиканын түрдүү усулдарынан пайдаланып тартуу мүмкүн. Графикада пейзаж тартуунун кызыктуу түрлөрүнөн бири түстүү кагаздын бетине кара калемдин контуру жана штрихтердин жардамында тартуу усулу болуп саналат. Бул усулдун биринчи баскычында пейзаждын жарык-көлөкө бөлүктөрү ичке сызыктар менен белгилеп чыгылат. Кийинки баскычта кара тушь же фломастер менен иштөө берилет жана графикалык сүрөт пайда кылынат.







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Түстүү фондо кара түстө пейзаж тартуунун баскычтары

1



2



3



4



Иш дептерине «Түстүү фондо кара түстө пейзаж тартуу» темасында сүрөт тарт.

Пейзаждын сүрөтүн баскычма-баскыч тартууда кандай эрежелерге көңүл бурулат?

Пейзаждын сүрөтүн графикалык усулда аякта.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 2-бөлүм
# АЙКЕЛЧИЛИК

**Айкелчилик** – сүрөт өнөрүнүн түрү болуп, айлана-чөйрөнү көлөмдүү формаларда, үч өлчөмдө сүрөттөөгө негизделет. Сүрөттөлүштө негизинен адам, ошондой эле, жаныбарлар (анималисттик), табият (пейзаж) жана нерселер (натюрморт) жасалат.

**Айкел** (haykal) – арабча сөз болуп, «чоң, ири фигура» деген маанини билдирет. Айкелчилик да кудум живопись сыяктуу турмуштук окуя-кубулуштарды түрдүү стиль жана сүрөттөө техникасы жана чийки заттардын жардамында туюнтат. Айкелчиликте таш, металл, гипс, жыгач жана ушул сыяктуу материалдар кеңири колдонулат. Айкел чыгармалар кыркуу, жабыштыруу, улоо, оюу, куюу аркылуу жаратылат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 10-тема АЙКЕЛЧИЛИКТИН ТҮРЛӨРҮ

**Айкелчиликтин 2 негизги** – айланып көрүү мүмкүнчүлүгүн берүүчү тоголок жана бир тараптан көрүүгө гана ылайыкталган бөртмө (томпок сүрөт, рельеф) түрү бар.

**Рельеф** – тегиз бетке (дубалга) бөрттүрүп жасалган сүрөттөлүш.

**Рельеф** – барельеф жана горельеф түрлөрүнө бөлүнөт.



**Горельефте** сүрөттөлүштүн калыңдыгынын жарымынан көбүрөгү бөртүп турат.



**Барельефте** сүрөттүн калыңдыгынын жарымынан азыраак бөлүгү бөртүп чыккан болот.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Бөртмө сүрөт тартуунун баскычтары

1



2



3



4



1. Айкелчиликтин канча негизги түрү бар?
2. Рельеф жана барельеф деген эмне?
3. Горельеф деген эмне?

Ылай же пластилинден айкелчиликтин кандайдыр бир түрүндө айкел жаса.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 11-тема КАРАПАЧЫНЫН УСТАКАНАСЫНА САЯКАТ

**Карапачылык** (керамика) – кол өнөрчүлүктүн ылайдан түрдүү буюмдар даярдалуучу түрү. Карапачылыкта негизги чийки зат чопо (сагыз топурак) болуп эсептелет. Негизги иш куралы болсо карапачылык чарыгы болуп саналат. Уста чарыктын жардамында түрдүү чопо идиштерди даярдайт жана аларга форма берет. Даярдалган чопо идиштер кургатылып, атайын меште кыздырылат. Жакшы кургатылган идиштерге атайын даярдалган түстөрдөн пайдаланып оймолор тартылат, андан соң меште жогорку температурада кургатылат. Сырдалган идиштер болсо дагы бир жолу меште кыздырылат.

**Карапачы уста Умар Жорокулов (1894–1973-жылдар)**

Өзбекстандык элдик сүрөтчү, карапачы Умар Жорокулов өлкөбүздүн көп жылдык салтка ээ болгон карапачылык өнөрүнө чоң салым кошуп, Самаркандда заманбап карапачылык мектебине негиз салган.

1894-жылы Самаркандда төрөлгөн Умар Жорокулов 300 жылдык карапачылар династиясынын улантуучусу болуп саналат. 1930-жылдарда уста Умар Жорокулов карапачылык буюмдарына оймо тартууну баштаган. Чыгармачылык ишинде карапачы сүрөтчү республикалык жана эл аралык көркөм өнөр көргөзмөлөрүндө катышкан. Анын чопо буюмдарга, илегендерге тарткан оймолуу жасалгалары кооз жана түркүн түстүүлүгү менен ажыралып турат.



*«У. Жорокулов». Г. Улко*




**Пластилинография** – көркөм жасалга искуствоссунун жаңы көрүнүшү. Анда ар түрдүү түстөгү пластилинден азыраак же көбүрөк бөрттүрүп пайда кылынган жарым формалуу нерселердин сүрөттөлүшү горизонталь бетке түшүрүлөт.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Уста карапачынын бөртмө сүрөттөлүшүн жасоонун баскычтары

1


2


3


4


1. Карапачылыкта негизги чийки зат эмне?
2. Карапачылыкта негизги иш куралы эмне эсептелет?
3. Өзбекстан эл сүрөтчүсү, карапачы уста Умар Жорокулов кайсы карапачылык мектебине негиз салган?
4. Пластилинография деген эмне?

Ылай же пластилинден уста карапачынын сүрөттөлүшүн жасоону аякта жана башка бир каалаган өнөр-кесип өкүлүнүн сүрөттөлүшүн жаса.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 12-тема

# УЛУТТУК ОЮНЧУКТАРДЫН АЙКЕЛДЕРИН ЖАСОО

**Майда пластикалуу айкелдери** – өлчөмдөрү анчалык чоң болбогон станоктуу айкелдер болуп саналат.

Майда пластикалуу айкелдер баалуу таш, ылай, фарфор, айнек сыяктуу заттардан даярдалат. Майда пластикалуу айкелдер адамга эргүү берет, шкаф жана жазуу столдорун кооздоп турат.

Козунун майда пластикалуу айкелдерин чогуу жасайбыз.









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Козунун айкелин жасоонун баскычтары

1


2


3


4


1. Майда пластикалуу деген эмне?
2. Майда пластикалуу айкелдер кандай заттардан даярдалат?

Башка кандайдыр бир оюнчуктун айкелин жаса.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

13-тема

# ДАСТОРКОНДОГУ ДҮЙҮМ ТАМАКТАР

Дасторкон тамактануу маалында салынуучу кездеме болуп, аны түрдүү дүйүм тамактар менен коюздошот. Элибизде дасторкон меймандостуктун символу болуп эсептелет. Дасторкон салынгандан кийин, эң биринчи нан коюлат. Андан кийин дасторконго чай алып келинет. Кийин башка дүйүм тамактар коюлат.







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «Дасторкондогу дүйүм тамактар» темасында айкел жасоонун баскычтары

1




2



3



4



1. Элибизде дасторкон эмненин символу болуп эсептелет?
2. Теманын негизинде айкел жасоонун баскычтарын түшүндүрүп бер.

Жасаган дасторконуңду башка идиш жана мөмөлөр менен толтур.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 14-тема

# «УР, ТОКМОК!» ЖОМОГУНУН НЕГИЗИНДЕ АЙКЕЛ ЖАСОО

«Ур, токмок!» – өзбек элинин сонун жомогу. Абышка жана илегилек жомоктун негизги каармандары болуп саналат.










*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «Ур, токмок!» жомогунун негизинде айкел жасоонун баскычтары

1




1



2




2



3



3



1. «Ур, токмок!» кайсы элдин жомогу?
2. «Ур, токмок!» жомогунун негизги каармандары ким?

«Ур, токмок!» жомогунун негизинде айкелдерди жасоону аякта. Башка кандайдыр бир жомоктун каармандарын жаса.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 15-тема


# 2-ТЕКШЕРҮҮ ИШ. «ЖОМОК КААРМАНДАРЫ ЖАҢЫ ЖЫЛ АРЧАСЫНЫН ТЕГЕРЕГИНДЕ» ТЕМАСЫНДА АЙКЕЛ ЖАСОО

**Жаңы жыл** – чоңдор жана балдардын эң жакшы көргөн майрамдарынан бири болуп саналат. Жаңы жылда өткөн жылдын натыйжалары талданып, баары бири-бирине жакшы тилектерин айтышат.

Бул майрам балдардын кышкы каникулунун кызыктуу өтүүсүндө да өзгөчө мааниге ээ. Аны көптөгөн мамлекеттерде салттуу түрдө арчанын тегерегинде белгилөө адатка айланган. Жаңы жыл майрамында балдар Аяз ата жана Аяз кыздын келишин күтүшөт.



### «Жомок каармандары Жаңы жыл арчасынын тегерегинде» темасында айкел жасоонун баскычтары



1 2 3



1 2 3



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE













1. Жаңы жыл кандай майрам болуп эсептелет?
2. Теманын негизинде жасалган айкелдерди талда.

Сабакта жасалган композицияны башка каармандар менен толтур.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

16-тема

# «ТҮНДҮК УЮЛ АЮУСУ» ТЕМАСЫНДА АЙКЕЛ ЖАСОО

**Ак аюу** – түндүктө жашоочу аюу сымалдар түркүмүнө таандык сүт эмүүчү. Денесинин узундугу 2 – 2,5 м, кээде 3 м ге жетет, салмагы 800 кг га чейин жетет. Денеси калың тери жана ак, кээде боз түстөгү жүн менен капталган. Арктика жаныбарлар дүйнөсүнүн негизги өкүлү. Ак аюулардын негизги азыгы балык болуп саналат. Төмөн температурага жакшы ылайыкташкан, манжалары күчтүү өрчүгөн, сууда өз азыгын оңой кармай алат. Куйругу кыска, калың жүнүнүн арасында дээрлик сезилбейт. Бүгүнкү күндө ак аюулар азайып бараткандыктан, эл аралык Кызыл китепке киргизилген.









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «Түндүк уюл аюсу» темасында айкел жасоонун баскычтары

1



2



3



4



5



6




Ак аюулар каерде жашайт?

«Түндүк уюл аюусу» айкелин муздардын үстүнө жайгаштырып жаса.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чариев Розу Чариевич (1931–2004)

Розу Чариев живопись устасы. Өзбекстан Көркөм академиясынын ардактуу академиги. Өзбекстан эл сүрөтчүсү Розу Чариев өз чыгармаларында өлкөнүн кооз жерлерин жаркын боёктордо чоң чебердик менен чагылдырган. Анын чыгармачылыгы живописке улуттук рух, үрп-адаттар, атактуу адамдардын образдары түркүмүн алып кириши менен өзгөчө мааниге ээ. Анын портреттери («Замандашым», «Досумдун портрети», «Келин. Шахы сюзане», «Фиравн. Эркектин портрети», «Байсундук карыя», «Пашхурддук кыз Барно», «Сайрабдык абышка», «Кыш. Автопортрет»), күндөлүк тиричилик жана тарыхый темалардагы («Маек», «Хумсан кечи», «Алтынтапкан кени», «Най. Чабан бала», «Байсун», «Жаз. Шерабад пейзажы», «Бактар») жана башка көптөгөн чыгармалары белгилүү болуп саналат. Розу Чариев Өзбекстан сүрөт өнөрүн жайылтууга көп аракет жасаган: анын демилгеси жана түздөн-түз катышуусунда Республикалык балдар чыгармачылык борбору, облустарда сүрөт өнөрү музейлери түзүлгөн. Ал жаш сүрөтчүлөрдү дайыма колдоп-кубаттаган. Розу Чариевдин чыгармалары республикабыздын жана чет мамлекеттердин музейлеринде менчик коллекцияларда сакталууда.



*«Зияда эненин портрети»*



*«Ташкент. Жаз»*



*«Фергана өрөөнүндө күз»*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 3-бөлүм
# ЖИВОПИСЬ

**Живопись** – кандайдыр бир тегиз бетте боёктордун жардамында аткарылган өнөрдүн үлгүсү, чыгарма. Сүрөт өнөрүнүн бул түрүндө түс эң негизги орунду ээлейт.

Живопись багытына карай чоң көлөмдүү, станоктуу жана башка түрлөргө бөлүнөт. Живопись багыттарынын ар бири өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү менен бири-биринен айырмаланат.

Сүрөтчүлөр живопись аркылуу чыгарма жаратышат жана дайыма композициянын мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдаланышат. Демек, живописте негизги сүрөттөө каражаты түс болуп кала берет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


**17-тема**

# КҮН ЖЕЛЕСИ. НЕГИЗГИ ЖАНА ТУУНДУ ТҮСТӨР. ТҮСТӨРДҮН АРАЛАШМАСЫ

Биз көбүнчө жамгыр жааганда асманда пайда боло турган күн желесинин түстөрүн көрүшүбүз мүмкүн.

Күн желесинин түстөрү кызыл, кызгылт сары, сары, жашыл, көгүлтүр, көк жана кызгылт көк болот.

Кызыл, сары жана көк негизги түстөр болуп эсептелет. Негизги түстөр аралашмасынан түрдүү түстөрдү пайда кылуу мүмкүн. Мисалы, кызыл менен сары түстүн аралашмасынан кызгылт сары, кызыл менен көгүлтүрдүн аралашмасынан кызгылт көк, сары менен көгүлтүрдүн аралашмасынан болсо жашыл түс пайда болот.







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


## Түстөрдү аралаштыруунун баскычтары

1



2





Иш дептерине теманын негизинде сүрөт тарт.

1. Күн желесиндеги түстөрдүн аталышын айт.
2. Негизги түстөр кайсылар?



Теманын негизинде сүрөт тарт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

18-тема

# АХРОМАТИКАЛЫК ТҮСТӨР. КОЁНДУН СҮРӨТҮН ТАРТУУ

**Ахроматикалык** түстөр да негизги түстөр сыяктуу бул табиятта бар. Алар беттерде түстүн кошумча түсүнө ээ болбогон ак, боз, кара түстөр болуп саналат. Ахроматикалык түстөрдө тартылган сүрөттөр да өзүнө мүнөздүү болуп, сүрөт өнөрүнүн кең мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүп берет.










*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Коёндун сүрөтүн тартуунун баскычтары

1


2


3


4


Коёндун сүрөтүн иш дептерине тарт.

Ахроматикалык түстөр кандай түстөр?

1. Коёндун сүрөтүн ахроматикалык түстөрдө боё.
2. Каалаган ахроматикалык түстөр менен сүрөт тарт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

19-тема

# ХРОМАТИКАЛЫК ТҮСТӨР. БАЛЫКТЫН СҮРӨТҮН ТАРТУУ.

Хроматикалык түстөрдүн бетинде түстүн кошумча түсүнө болгон түстөр болуп саналат. Хроматикалык түстөрдүн курамына бардык ысык жана муздак түстөр кирет.

Бул темада хроматикалык түстөрдөн пайдаланып балыктын сүрөтүн тартабыз.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Балыктын сүрөтүн тартуунун баскычтары




Балыктын сүрөтүн иш дептерине тарт.

1. Хроматикалык түстөр кандай түстөр?
2. Хроматикалык түстөрдү дагы кайсы предметтерде көрүүгө болот?

Хроматикалык түстөрдүн жардамында балыктын сүрөтүн боё жана башка бир сүрөт тарт.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

20-тема

# МУЗДАК ТҮСТӨР. АК КУУНУН СҮРӨТҮН ТАРТУУ

**Муздак түстөр** – көк, көгүлтүр, жашыл, көк-кызгылт-көк, көк-жашыл жана булардын кошулмасынан келип чыккан бардык түстөр. Муздак түстөр оюбузда суукту эстетүүчү нерселер – муз, кар, суу, жана ушул сыяктуулар түрүндө көрүнөт. Ак куунун сүрөтүн тартууда муздак түстөрдүн бардык кошумча түстөрүнөн пайдалануу мүмкүн. Бул сүрөттү тартууда акварель же гуаштан пайдаланабыз.










*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ак куунун сүрөтүн тартуунун баскычтары




Ак куунун сүрөтүн иш дептерине тарт

Муздак түстөр кайсылар?

«Ак куу» сүрөтүн муздак түстөрдүн бардык кошумча түстөрүнөн пайдаланып тарт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 21-тема

# ЖЫЛУУ ТҮСТӨР. ЖОЛБОРСТУН КҮЧҮГҮНҮН СҮРӨТҮН ТАРТУУ

**Жылуу түстөр** – кызыл, сары, кызгылт сары жана курамында ушул түстөрдөн аз да болсо бар болгон бардык түстөр болуп саналат. Жылуу түстөр күн, жалын жана ушул сыяктуу жылуулук берүүчү булактарды эске салат. Жолборстун күчүгүнүн сүрөтүн тартууда жылуу түстөрдүн бардык кошумча түстөрүнөн пайдаланган оң. Бул сүрөттү тартууда акварель же гуаштан пайдаланабыз.







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Жолборстун кучүгүнүн сүрөтүн тартуунун баскычтары

1




2



3



4



Жолборстун кучүгүнүн сүрөтүн иш дептерине тарт.

Жылуу түстөр кайсылар?

Жолборстун кучүгүнүн сүрөтүн жылуу түстөрдүн бардык кошумча түстөрү менен боё.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**22-тема**

# БАКТЕКТИН СҮРӨТҮН ТАРТУУ

**Бактек** – көгүчкөн сымалдар түркүмүнүн бактектер тобуна таандык куш. Куйругу узун, башка көгүчкөн сымалдарга салыштырмалуу кичине. Денесинин арткы жагындагы куш жүндөрү бир түрдүү түстө, мойнунун артында кара түстүү жарым шакеги бар. Орто Азияда кеңири таралган, үйлөргө жакын жерлерде жашайт. Өсүмдүктөрдүн уругу, дан жана нандын күкүмдөрү менен азыктанат.










*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Бактектин сүрөтүн тартуунун баскычтары








Бактектин сүрөтүн иш дептерине тарт.

1. Бактектин сырткы көрүнүшү кандай?
2. Бактек эмне менен азыктанат?

Бактектин сүрөтүн живописте, түстүү кылып тарт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

23-тема

# ДЕКОРАТИВДҮҮ КУШ. ТООСТУН СҮРӨТҮН ТАРТУУ

**Тоос** – кыргоолдор түркүмүнө таандык. Анын мекени Азия болуп саналат. Тоос өзүнүн жапжашыл, желпигич формасындагы, көзгө окшош куйругу себеп декоративдүү куштардын арасында эң коозу катары таанылган.










*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Тоостун сүрөтүн тартуунун баскычтары




Тоостун сүрөтүн иш дептерине тарт.

Тоос кайсы канаттуулар түркүмүнө таандык?

Тоостун сүрөтүн туунду түстөр менен боё.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

24-тема

# 3-ТЕКШЕРҮҮ ИШ. «ТАБИЯТ ДҮЙНӨСҮ» ТЕМАСЫНДА СҮРӨТ ТАРТУУ

Жаз мезгилинде ойгонуп жаткан табиятты назик түстөрдө көрүшүбүз мүмкүн. Ошондуктан жаз палитрасы төмөнкү жумшак кошумча түстөрдөн турат: ачык кызгыш, ачык күрөң, ачык жашыл жана ушул сыяктуулар. Түстөр контрастын келтирип чыгаруу үчүн кызгыш, кызыл жана ачык күрөңдөн да пайдаланылат.









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «Табият дүйнөсү» сүрөтүн тартуунун баскычтары

1


2


3


4


«Табият дүйнөсү» сүрөтүн иш дептерине тарт.

Сенин оюңча жаз кандай мезгил?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

25-тема

# ТАБИЯТТАГЫ ДАРАКТАРДЫН ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИНЕ КАРАЙ ӨЗГӨРҮҮСҮН СҮРӨТТӨӨ


Ар бир мезгил түркүн түстүүлүгү, өзүнө мүнөздүүлүгү менен бизди шаттандырат. Жаздын назик, жайдын ысык-жаркын, күздүн алтын жана кыштын күмүш түстөрүндө мезгилдердин сулуулугу көрүнөт. Кыш тазалык, аруулукту, жаз сулуулук менен жаңылануну, жай жылуулук жана бышыкчылыкты, ал эми күз болсо мол түшүмдү билдирет.

Бул темада дарактын жыл бою өсүшү мисалында табияттагы өзгөрүүлөрдү сүрөттөйбүз.



## Табияттагы дарактардын жыл мезгилдерине карай өзгөрүүсүн сүрөттөөнүн баскычтары

1



2





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

3



4





5



Табияттагы дарактардын жыл мезгилдерине карай өзгөрүү абалын иш дептерине тарт.

1. Жыл мезгилдери канчоо?
2. Жыл мезгилдери бири-биринен эмнеси менен айырмаланат?

Табияттагы дарактардын жыл мезгилдерине карай өзгөргөн сүрөтүн тартып бүтүр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

26-тема

# ТҮС ЖАНА МААНАЙ. «НООРУЗ МАЙРАМЫ» ТЕМАСЫНДА СҮРӨТ ТАРТУУ

**Нооруз** – табияттын гүлдөп жайноо жана жаңылануу майрамы. Ал өтө байыркы майрам. Нооруз алдынан журтубузда түрдүү иш-чаралар, майрамдар өткөрүлөт.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «Нооруз майрамы» сүрөтүн тартуунун баскычтары

1



2




3



4







Иш дептерине «Нооруз майрамы» темасында сүрөт тарт.

Нооруз кандай майрам?

«Нооруз майрамы» сүрөтүн аякта.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Галина Ли (1945)


1945-жылда Кыргызстан Республикасынын Көк-Жаңгак шаарында төрөлгөн. Камалиддин Бекзат атындагы Улуттук сүрөтчүлүк жана дизайн институтунда (мурдагы Островский атындагы Ташкент театр жана сүрөтчүлүк институту) окуган. 1967-жылдан бери балдар темасында чыгармачылык кылат. 1969–1984-жылдарда П. Беньков атындагы Республикалык сүрөтчүлүк окуу жайында сабак берген. 100 дөн ашуун китептерге иллюстрациялар иштеген.



*«Бактек менен түлкү»*



*«Ур, токмок!»*



*«Пиноккио»*



*«Кара балык»*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 4-бөлүм
# КОМПОЗИЦИЯ

**Композиция** – чыгарманы жаратуу, түзүү жана куруу деген маанилерди билдирет. Композиция сүрөт өнөрүнүн бардык түрлөрүндө жаратылат. Композиция графикада кара жана түстүү калемдер менен, айкелчиликте ылай жана пластилинден пайдаланып, живописте болсо түрдүү боёктордун жардамында иштелет.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

27-тема

# «ТООДО ЖАЗ» ТЕМАСЫНДА МЕЙКИНДИКТҮҮ КОМПОЗИЦИЯ ТАРТУУ

Мейкиндиктүү композицияда сүрөт алдыңкы, ортоңку жана фондук сүрөттөрдү өз ичине алат. Мисалы, композициянын алдыңкы сүрөтүндө чоң гүлдөгөн дарактын сүрөтүн көрөбүз. Композициянын ортоңку сүрөтүндө болсо чаканыраак үйлөрдү көрүшүбүз мүмкүн. Композициянын фонунда, башкача айтканда, алыста, тоолордун сүрөтү көңүлүбүздү бурат.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «Тоодо жаз» мейкиндиктүү композицияны тартуунун баскычтары


1



2



3



4



Мейкиндиктүү композиция темасында иш дептерине сүрөт тарт.

Мейкиндиктүү композиция дегени эмне?

Татаал болбогон шаар пейзажынын (мисалы, терезе артындагы пейзаж көрүнүшүн) сүрөттө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 28-тема «КОСМОСКО САЯКАТ» ТЕМАСЫНДА КОЛЛАЖ УСУЛУНДА КОМПОЗИЦИЯ ТАРТУУ

Күн системасына Күн, планеталар, планеталардын табигый жолдоштору жана башка асман телолору кирет. Күн да жылдыз болуп саналат жана ал Күн системасынын борборунда жайгашкан. Планеталар Күндүн айланасында айлануучу ири телолор болушат. Күн системасында сегиз планета бар.

Биз жашап жаткан планета Жер деп аталат. Жер Күндөн алыстыган карай үчүнчү планета.


## БУЛ КЫЗЫК

Эмне үчүн планеталардын формасы квадратка окшобойт?

Планеталар тартылуу күчү себеп тоголок болушат. Бул атайын күч бардык нерсени борборго тартат жана шарларды пайда кылат. Ошондуктан планеталар квадрат формасында эмес.

**Коллаж** усулунда иштөө жараяны сызылган сүрөттүн үстүнө газета, журнал жана ушул сыяктуулардан кыркып алынган сүрөт жана жазууларды желимдеп чыгуу аркылуу ишке ашырылат.

Композиция тартууда түстүү кагаз, картон, кайчы, желимдин ар кандай түрүнөн пайдалануу мүмкүн.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


## «Космоско саякат» композициясын коллаж усулунда тартуунун баскычтары

1


2


3


4


5


6


7


«Космоско саякат» темасындагы композицияны коллаж усулунда иш дептерине тарт.

Коллаж деген эмне?

Коллаж усулундагы композицияны аякта.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 29-тема
# СТАТИКА (ТУРУКТУУЛУК) ЖАНА ДИНАМИКА (КЫЙМЫЛ)

**Динамика** сүрөт өнөрүндөгү кыймыл жараянын билдирет.
Мисалы:
– спортчулардын мелдештеги тез чуркашы;
– ракетанын космоско учуусу;
– ат чабыш жараяны;
– сүзүп жаткан спортчу жана ушул сыяктуулар.

Ал эми **статика** тынч абал жана кыймылсыздыкты билдирет.
Мисалы:
– космонавт;
– учууга даярданып жаткан ракета;
– уктап жаткан адам;
– бакка орнотулган айкел жана ушул сыяктуулар.

## «Ракета учуп жатат» сүрөтүн тартуунун баскычтары







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «Космонавт» сүрөтүн тартуунун баскычтары




Статика жана динамика темасында иш дептерине сүрөт тарт.

1. Динамика деген эмне?
2. Статика деген эмне?

Статика жана динамика темасында тартылган композицияны аякта.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

30-тема


# АЧЫК ЖАНА ЖАБЫК ТҮРДӨГҮ КОМПОЗИЦИЯ ТАРТУУ

Ачык композицияда табият пейзажы фонунда жаныбарлар же башка нерселер сүрөттөлүшү мүмкүн. Мисалы, токойдогу аюу, табият койнундагы жирафа, талаадагы трактор, тоодогу бүркүт жана ушул сыяктуулар.


Жабык композицияда болсо сүрөт бөлмө же имараттын ичинде болот. Мисалы, цирк сахнасындагы арстан, терезе текчесиндеги гүлдөр, столдун үстүндөгү көзө жана мөмө-жемиштер сыяктуу.

## Ачык композиция түрүндө пил жана анын баласынын сүрөтүн тартуунун баскычтары


1




2



3



4









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Жабык композиция түрүндө «Цирктеги арстан» сүрөтүн тартуунун баскычтары

1



2



3



4



5



Иш дептерине ачык жана жабык түрдөгү композицияны тарт.

1. Ачык композиция түрүндө сүрөт кандай тартылат?
2. Жабык композиция түрүндө сүрөт кандай тартылат?

Ачык жана жабык түрдөгү композицияңды аягына чыгар.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 31-тема КОМПОЗИЦИЯДАГЫ РИТМ

**Ритм** – элементтердин белгилүү бир удаалаштыкта алмашуусу жана кайталануусу.

Пейзаж композициясында ритм төмөнкүчө болушу мүмкүн. Мисалы, бир канча терек дарагынын же даракка түшүп жаткан күн нурунун, түстөрдүн кайталануусу. Куштардын учуп келип, дарактын бутагына катарлашып конгон сүрөтү композицияда ритмди пайда кылат. Канаттуулардын кезеги менен дан чокуганын сүрөттөө да композицияда ритмди пайда кылат.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Канаттуулардын сүрөтүн тартуунун баскычтары


1



2



3



Иш дептерине теманын негизинде композиция тарт.

1. Ритм деген эмне?
2. Ритмге мисал келтире аласыңбы?



Баштаган композицияңды аякта.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


32-тема

# 4-ТЕКШЕРҮҮ ИШ. «ЗООПАРК» ТЕМАСЫНДА КОМПОЗИЦИЯ ТАРТУУ


Ташкент зоопаркы 1924-жылда түзүлгөн. Сен зоопаркта ар түрдүү сейрек жаныбар жана куштарды көрүшүң мүмкүн. Зоопаркта алардын көптөгөн түрлөрү бар.

## «Зоопарк» сүрөтүн тартуунун баскычтары


1




2




3




4




Теманын негизиндеги композицияны иш дептерине тарт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

33-тема

# «ТАБИЯТТЫ АСЫРА» ТЕМАСЫНДАГЫ ПЛАКАТТЫН КОМПОЗИЦИЯСЫН ТАРТУУ

**Плакат** – сүрөт өнөрүндө тарбиялык-идеялык мааниге ээ болуп, жалпынын көңүлүн тандалган темага бурат.

**Эскиз** – композицияда ылайыктуу вариантты табуу үчүн тартылган баштапкы чала сызуулар болуп саналат.

Плакат сызууда темага тиешелүү бир нече эскиздин варианттарын тартуу талап кылынат. Эскиздердин арасынан ылайыктуу болгон вариант плакатты тартуу үчүн тандалат.



ТАБИЯТТЫ АСЫРА!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «Табиятты асыра» темасындагы плакаттын композициясын тартуунун баскычтары

1



2



3



4



Теманын негизиндеги композицияны иш дептерине тарт.

1. Плакат деген эмне?
2. Эскиз деген эмне?

Класста баштаган композицияңды аягына чыгар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 34-тема


# «ТАБИЯТТЫ АСЫРА» ТЕМАСЫНДАГЫ ПЛАКАТ КОМПОЗИЦИЯСЫНЫН ШРИФТИН ТАРТУУ

Плакаттагы сөздөрдү шрифт менен жазууда төмөнкү эрежелерге амал кыл:

- сөздөгү тамгаларды санап чык;
- сөздөрдү плакаттын борборуна жайгаштыруу үчүн кагаздын ортосуна чекит кой;
- эгерде сөздөгү тамгалардын саны он даана болсо, коюлган чекиттин сол жагына беш, оң жагына беш тамга жайгаштырылат.

Мына ошондо сөздөр кагаздын ортосуна туура жайгашат.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




«Табиятты асыра» темасындагы плакат композициясынын шрифттерин иш дептерине тарт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сүрөт өнөрү [Текст]: 3-класс үчүн окуу китеби / Р. Худайберганов [жана башк.]. – Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. – 80 б.

ISBN 978-9943-7813-3-7

УУК 75(075.3)
КБК 85.1я72

*O'quv nashri*

**Rustam Xudayberganov, Tatyana Li, Barno Yunusova, Sarvar Farmonov, Orzu Tashmuxamedova**

# Tasviriy san'at

*Umumiy o'rta ta'lim maktablarining*
*3-sinfi uchun darslik*
*(Qirg'iz tilida)*

Которгон *Айнура Зулпихорова*
Редактору *Кайратбек Токтобаев*
Сүрөтчүсү *Умид Сулайманов*
Корректору *Анвар Зулпихаров*
Көркөм редактору *Сарвар Фарманов*
Техникалык редактору *Акмал Сулайманов*
Компьютерде беттеген-дизайнер *Алимардан Акилов*

*Окуу китебинде Ташкент шаарындагы 18-сандуу БМӨМ мугалим жана окуучуларынын чыгармаларынан пайдаланылды*

Мобилдик тиркемесин жаратууга салым кошкон чыгармачыл инсандар:
*Азизбек Исмаилов, Максуд Сайпиев*

Басууга 02.04.2022-жылда уруксат берилди. Форматы 60х84 $^{1}/_{8}$.
Segoe гарнитурасы. Кегли 14 шпондуу. Офсеттик ыкма.
Шарттуу басма табагы 9,30. Эсептик басма табагы 6,77.
Тиражы ____ нуска. Заказ № ___.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ижарага бериле турган окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты-жөнү | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | | | | | | |
| 2. | | | | | | |
| 3. | | | | | | |
| 4. | | | | | | |
| 5. | | | | | | |
| 6. | | | | | | |

## Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан баалоонун төмөнкү критерийлеринин негизинде толтурулат:

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебин пайдаланууга алгачкы жолу берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, китептин негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, жылбаган, беттеринде жазуу-чийүүлөрү жок. |
| Канааттандырарлуу | Мукабасы эзилген, бир аз чийилип, беттери тытылган, китептин негизги бөлүгүнөн ажыраган түрү бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлуу даражада оңдолгон. Ажыраган барактары кайра желимделген, айрым беттерине чийилген. |
| Канааттандырарлуу эмес | Мукабасы жыртылган, бетине чийилген, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандырарлуу даражада оңдолбогон. Барактары жыртылган, жетишпейт, сызып, боёп ташталган. Окуу китебин кайра калыбына келтирүүгө болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE